Agape Kyrgyz - God's Love Letter Scriptures

Жахан 15:9 Атам Мени кандай сүйсө, Мен силерди ошондой сүйөм. Силерде Менин сүйүүм болсун.

Исаия 43:1 Жакып, сени жараткан, Ысрайыл, сени жасаган Теңир азыр мындай дейт: «Коркпогун, анткени Мен сени куткарып алдым, Мен сени өз атыңдан чакырдым, сен Меникисиң.

Жеремия 1:5 «Мен сени энеңдин ичинде Өзүм жаратканга чейин эле билчүмүн, сен төрөлгөнгө чейин эле Мен сени ыйыктагам: сени элдерге пайгамбар кылып койгом».

Жахан 15:16 Силер Мени тандаган жоксуңар, Мен силерди тандап алдым. Барып, жемиш берсин деп, жемишиңер туруктуу болсун деп, силерди дайындадым. Ошондо Атамдан Менин ысымым урматына эмне сурасаңар да, Ал силерге берет.

3 Жахан 1:2 Сүйүктүүм, рухий жашооңдо ийгиликке жетишкендей эле, калган бардык нерседе ийгиликке жетип, сак-саламат болушуң үчүн сыйынам.

Исаия 43:4 Сен Менин көз алдымда кымбат, баа жеткис болгондуктан, Мен сени сүйгөндүктөн, сен үчүн адамдарды бердим, сенин жаның үчүн элдерди берем

Жеремия 31:3 Теңир мага алыстан келип, мындай деди: «Мен сени түбөлүктүү сүйүү менен сүйөм, ошондуктан сага ырайымдуу колумду сундум

Ошуя 11:8 Эпрайым, сени кантип салып берейин? Ысрайыл, сени кантип таштап коёюн? Сага кантип Адамага кылгандай, Себоимге кылгандай кылайын? Менин жүрөгүм өзгөрүлдү, Менин бүт аёом ойгонду.

Жахан 3:16 Кудай бул дүйнөнү абдан сүйгөндүктөн, Өзүнүн жалгыз Уулун берди. Кудай Аны Ага ишенген ар бир адам өлбөй, түбөлүк өмүргө ээ болсун деп берди.

Исаия 49:15,16 «Аял эмчектеги баласын унутмак беле? Өзүнүн курсагынан чыккан уулун аябай коймок беле? Эгерде ал унутса да, Мен сени унутпайм. 16 Анткени Мен сени Өзүмдүн алакандарыма жазып койдум. Сенин дубалдарың дайыма Менин көз алдымда.

Исаия 41:13 Анткени Мен сенин Кудай-Теңириңмин. Сени оң колуңдан кармап, сага мындай дейм: “Коркпогун, Мен сага жардам берип жатам”.

Матай 28:20 Силерге буйругандарымдын бардыгын аткарууну аларга үйрөткүлө. Бул дүйнөнүн акырына чейин, бардык убакта Мен силер менен болом». Оомийин.

Жахан 14:1 «Кайгырбагыла. Кудайга жана Мага ишенгиле.

Исаия 41:14 Коркпогун, курт Жакып, эли аз Ысрайыл, Мен сага жардам берип жатам, – дейт Теңир, сенин Куткаруучуң, Ысрайылдын Ыйыгы.

Исаия 43:2 Сен суулардан өтүп бара жатканда, Мен сени мененмин, сен дарыялардан өтүп бара жатканда, алар сени чөктүрбөйт. Оттон өтүп бара жатканда, күйбөйсүң, жалын да сени куйкалабайт.

Забур 23:1-6 Теңир менин Кайтаруучум. Мен эч нерсеге муктаж болбойм. 2 Ал мени оттуу жайытка жаят жана жай аккан суу боюна алып барат. 3 Өз ысымы үчүн жаныма күч берип, чындык жолуна салат. 4 Өлүм көлөкөсүнүн өрөөнүндө жүрсөм да, жамандыктан коркпойм, анткени Сен мени мененсиң. Сенин бийлик таягың менен койчу таягың жанымды тынчтандырат. 5 Сен мага душмандарымдын көз алдында дасторкон жайдың, башымды зайтун майы менен майладың. Чөйчөгүм ашып-ташып төгүлүп турат. 6 Береке менен ырайым мени өмүрүмдүн аягына чейин коштоп жүрсүн, ошондо мен Теңирдин үйүндө түбөлүк болом.

Жахан 14:27 Силерге тынчтык калтырып жатам, силерге Өз тынчтыгымды берип жатам. Менин силерге бергеним бул дүйнөнүн бергениндей эмес. Кайгырбагыла жана коркпогула.

Филипия 4:7 Ошондо Кудайдын акыл жеткис тынчтыгы силердин жүрөгүңөрдү жана ойлоруңарды Машайак Ыйса аркылуу сактайт.

Акылмандык 3:24 Жатканыңда коркпойсуң, уйкуң таттуу болот.

Забур 4:9 Мен тынч жатып, тынч уктайм, анткени мага коопсуз жашоо берген бир Өзүңсүң, Теңир.

Забур 32:18 Мына, Теңирдин көзү Өзүнөн корккондордун жана Өзүнүн ырайымына таянгандардын үстүндө.

Рим 5:2 Ыйсага ишенүү аркылуу бизге бул ырайымга жол ачылды. Ошол ырайымга бөлөнүп, Кудайдын даңкына үмүттөнүү менен мактанып жатабыз.

Исаия 55:12 Ошондуктан силер кубаныч менен чыгасыңар, силерди тынчтык менен узатышат. Силердин алдыңарда тоолор жана адырлар ырдайт, талаадагы бардык бак-дарактар силерге кол чабат.

Жахан 16:22 Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, силер боздоп ыйлайсыңар, бул дүйнө болсо кубанат. Кайгырасыңар, бирок кайгыңар кубанычка айланат.

Лука 12:9 Ал эми ким адамдардын алдында Менден баш тартса, Кудайдын периштелеринин алдында Мен да андан баш тартам.

Матай 10:30 Ал эми силердин башыңардагы чачыңар да саналуу.

Исаия 54:10 Тоолор жылат, дөңсөөлөр солкулдайт, бирок Менин ырайымым сенден четтебейт, Менин тынчтык келишимим бузулбайт», – дейт сага ырайым кылуучу Теңир.

Матай 11:28 Чарчап-чаалыккандар жана түйшүк тарткандар, баарыңар Мага келгиле, Мен силерге тынчтык берем.

Ашыктык ыры 2:10 Сүйгөн жигитим мага минтип сүйлөй баштады: Тур, сүйгөн кызым, сулуум, жүр мени менен!

Ошуя 2:14,19,20 Ошондуктан Мен аны Өзүмө тартып, чөлгө алып барып, жүрөгүнө сүйлөйм. 19 Мен сени менен түбөлүккө никелешем, Мен сени менен чындык жана адилеттиктин, ырайым жана боорукердиктин негизинде никелешем. 20 Мен сени менен ишенимдүүлүктүн негизинде никелешем, ошондо сен өзүңдүн Теңириңди таанып билесиң.

Египеттен чыгуу 3:14 Кудай Мусага: «Мен Бар Болуп Туруучумун (Жахабамын). Ысрайыл уулдарына: Мени силерге Бар Болуп Туруучу Өзү жиберди деп айт», – деди.

Ошуя 13:4 Бирок сен Мисир жеринен чыккандан бери Мен сенин Кудай-Теңириңмин. Ошондуктан сен Менден башка кудайды билбешиң керек, Менден башка Куткаруучу жок.

Жахан 15:14 Эгерде силер Менин айткан сөздөрүмдү аткарсаңар, Менин досторумсуңар.

Аян 3:20 Мына, Мен эшиктин алдында туруп, эшикти чертип жатам. Ким Менин үнүмдү угуп, эшигин ачса, Мен аныкына кирип, аны менен бирге тамак ичем, ал да Мени менен бирге тамак ичет.

Pastor T. John Franklin
Church of Salvation, Healing, and Deliverance
COS-HAD.org